*Усарова Г.О.*
*Ошский Государственный Социальный Университет*

# ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА МУРЗА ГАПАРОВДУН ӨМҮРҮ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ОКУТУУ

# ПРЕПОДАВАНИЕ В ВУЗАХ ЖИЗНЬ И ТВОРЧЕСТВО МУРЗЫ ГАПАРОВА НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

*Usarova G.O.*

# TEACHING MURZA GAPAROV'S BIOGRAPHY IN UNIVERSITIES AT THE LESSON OF KYRGYZ LITERATURE

***Аннотация:*** *Аталган макалада Мурза Гапаровдун 70-жылдарда жазылган повесттеринин идеялык мазмунуна токтолот. ЖОЖдордо жазуучунун чыгармаларын интерактивдүү методдорду окутуунун жолдору көрсөтүлгөн. Бул позициядан алганда КР Эл жазуучусу Мурза Гапаровдун кыргыз адабиятында, драматургиясында, кино, театр өнөрүндөгү ээлеген орду бар. Анткени Мурза Гапаров чыгармаларында жаратылыш, коомдук маселелерди, турмуш чындыгын көркөм образ аркылуу чагылдырып туюндургандыгында. ЖОЖдордо окутуу менен студенттерди асыл идеяларга, жогорку моралдык сапатка,оозеки жана жазуу речтерин байытууга тарбиялоого болот.*

***Аннотация:*** *Автор данной статьи обращается к идейному содержанию повестей Мурзы Гапарова, написанных в 70-е годы. Здесь показаны, какие интерактивные методы обучения можно использовать при изучении произведений писателя в ВУЗах. Если брать с данной позиции писатель Кыргызской Республики М. Гапаров имеет значимое место в кыргызской литературе, драматургии, кино и театре. Потому как Мурза Гапаров своими произведениями мог точно художественным образом отобразить и передать природу, общественные задачи и истинную жизнь. В ВУЗах этим учением, студентов можно обучить истинным идеям, высоким моральным качествам, воспитать и обогатить их устную и письменную речь.*

***Abstract:****The author of the article applies to the ideological content of the stories written by Murza Gaparov in the 1970s. It is described what kind of interactive methods of teaching can be used at universities while studying the works of the author. From this scope the writer of the Kyrgyz Republic Murza Gaparov occupies a definite place in the Kyrgyz literature, dramaturgy, cinema and theatre. Because Murza Gaparov depict, through literary references nature, public tasks and real life, in his works. At Universities from this study students can get pure thoughts,high moral qualities and enrich their oral and written communication skills.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *кыргыз адабияты, драматургия, проза, кино, театр, образ, речти байытуу, көркөм образ.*

***Ключевые слова****: Кыргызская литература, драматургия, проза, кино, театр, образ, развитие речи, литературный образ.*

***Key words:*** *Kyrgyz literature, dramaturgy, prose, cinema, theatre, image, developing speaking skills, literary reference*

XX кылымдын 20-жылдарынын аягындагы кыргыз профессионал повесть жанры 70-80-жылдары сандык өсүшкө ээ болбостон сапаттык жаңылануусу менен дүйнөлүк аренада өзүн тааныта алгандыгын 50-60-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптарын жана повесттердин өсүш эволюциясын изилдеген эмгектер өз учурунда белгилешкен. [2]

Чындыгында 70-80-жылдардагы кыргыз повесттери Ч.Айтматов башында турган А. Стамов, М.Гапаров, К.Жусупов, К.Жусубалиев М.Сейталиев, О.Айтымбетов, Ж.Мавлянов, Ө.Даникеев ж.б. чыгармалары сандык да сапаттык да өсүшкө ээ болуп, анын натыйжасында повесть жанры көп түрдүүлүккө өткөнү талашсыз. Мында негизги жүк 60-жылдардын муундарына таандык болгону менен 70-80-жылдары повесть жанрын өркүндөтүүгө Т. Сыдыкбеков башында турган кыргыз прозачыларынын «ветерандары» да, ошондой эле колуна калем кармаган жаш талапкерлер да өз салымдарын кошконун унутта калтырууга болбойт. [3]

Бул позициядан алганда Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Мурза Гапаровдун кыргыз адабиятында, драматургиясында, кино, театр өнөрүндөгү ээлеген орду баа жеткис. Анткени Мурза Гапаров өз чыгармаларында табият кубулуштарынын жаратылыш сырларын, дүйнө проблемаларын коомдук маселелерди, башкача айтканда, турмуш чындыгын көркөм образ аркылуу чагылдырып туюндургандыктан, М.Гапаровдун чыгармаларын ЖОЖдордо окутуу менен студенттерди асыл идеяларга, жогорку моралдык сапатка, аң-сезимдүүлүккө, турмушту таанып билүү деңгээлин жогорулатууга, адам турмушу

жөнүндөгү билимин тереңдетүүгө, оозеки жана жазуу речтерин байытууга тарбиялоого болот. Себеби М.Гапаровдун 70-жылдардагы повесттеринде адам жана коом, жаратылышка карата адамдардын мамилеси, адеп-ахлактык изденүүлөрү жана аны философиялык-психологиялык жагдайдан аңдап билүү маселелерин камтып, алар аркылуу чыгармачылыктын жаңы бийиктигине кадам шилтеп, турмушка жаңыча көз караштан туруп, азыркы мезгилдин талабы менен жашоого бет алгандыгын көрсөттү.

Маселен жазуучу “Күнөстүү арал” повестинде эшикке чыгып бараткан үй ээлерин бир-бирден күзгүнүн алдына токтотуу менен бир учурда сырткы келбеттерин жана психологиясын, жашоого болгон көз карашын, мүнөздөрүн чеберчилик менен сүрөттөп, окурманга чыгарманын каармандары жөнүндө төмөндөгүчө баяндайт:

...Атасы күзгүнүн маңдайына барды. Эшикке чыгып баратып күзгүнүн алдында бир-бирден токтоп өтүш – бул үйдө адат. Атасы өзүнүн буурул тартып, суюлуп бараткан чачын, көздөрүнүн астындагы, мойнундагы тырыштарын кабатырлана карап калат. Апасы эркектердикиндей тегерете кыркылган кыска чачын тарайт. Эрдин боёйт, бетине бет май сыйпап, көпкө чейин анын майда тырыштарын жазып турат. Студент болсо өзүн дайыма жаш, сулуумун деп ойлойт, ошондуктан күзгүгө каранса да, дагы бир жолу өзүнүн жаштыгына, сулуулугуна ишенип коюш үчүн гана каранат. Ал күзгүнүн тушунда көпкө аярланбайт, ийнине түшкөн узун, коюу чачтарын нары-бери сылагылап коюп басып кетет. Ал дайыма өзүнө-өзү ыраазы. Мунун тескерисинче эжесинин эртең мененки убактысынын көбү күзгүгө багышталат. Бечара өтө эле семиз. Дагы семирип жатат. Ошондуктан кандай жаңы кийим кийбесин, бир айдан кийин тар келип, аны кыжаалат кылат...[4] Бул цитатадан жазуучу табиятынан сүрөткер, талантын бапестеп өстүргөн чебер калемгер экендигин айгинелейт. М.Гапаровдун чыгармалараарынын өзгөчөлүгү ал чыгармаларына бийлик идеологиясынын боёгун сүртпөстөн, тескерисинче карапайым адамдардын карапайым жашоосун реалдуу, көркөм сүрөттөп бергендиги.

Көркөм адабият адамдарга зор таасир эте турган искусствонун күчтүү түрүнөн болгондуктан, ал адамдын ой сезимин тарбиялоодо, мүнөзүн калыптандырууда эбегейсиз чоң ролду ойнойт. Ошондуктан, искусствонун бул түрүндөгү чыгармаларды түшүнүп, туура баа берүү үчүн, студенттер адабият жөнүндөгү илимден, анын негизги теориялык түшүнүктөрүнөн кабардар болуусу керек.

М.Гапаровдун чыгармаларындагы каармандарынын образдары аркылуу Мекенди сүйүүгө, гумандуулукка, адамгерчиликке жана алдына койгон максатка умтулууга тарбиялайт. Мисалга алсак: 70-жылдар арасында кетме-кет чыккан “Кызыл беде” (1978), “Сүйүүнүн кайыгы”(1970), “Күнөстүү арал” (1974) “Кыштакча” (1973) повестиндеги Акун, Маман, “Дарыялардын шоокуму”(1979) повестинде Ормон, дербиш карыя, Закир сыяктуу каармандарынан жөнөкөй эл арасында жүргөн ак көңүл, келечеги үчүн кам көргөн, аракетчил адамдардын образдарын берүү менен окурманды “тажатма көркөмдөөлөрдөн” алыстатып, кызыгуусун арттырып, таасирленте алгандыгын көрөбүз. Жазуучу М. Абакировдун “Эгер орус адабиятында, орус маданиятында Антон Павлович Чехов кандай роль ойногон болсо, биздин Мурза Гапаров кыргыз адабиятында, кыргыз маданиятында так ошондой өлбөсөчпөс тагдырга ээ”[1] – деген учкай оюн эске алуу менен М.Гапаровдун кыргыз адабиятынын, маданиятынын өнүгүшүнө кошкон салымын жана чыгармаларынын баалуулугун келечектеги филолог-адистерге окутуп, үйрөтүү ар дайым актуалдуулугун жоготпогондугун белгилөөгө мезгили келди окшобойбу.

Ошондуктан, ЖОЖдордо кыргыз тили жана адабияты адистигин даярдоо үчүн түзүлгөн окуу программасындагы XX кылымдын кыргыз адабияты (портреттер) предметинин типтүү программасына 70-жылдар арасында кыргыз прозасынын, драматургиясынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон М. Гапаров, А.Стамов, Ж. Мавлянов, А.Жакыпбековдорду киргизип, студенттерге бул жазуучуларыбыздын чыгармаларын окутууну максаттагандыгыбыз да ошондон. Бул оюбузду далилдөө максатында Гапаровдун өмүрү, чыгармачылыгын жана повесттерин «Экөөнүн ою орчундуу» деген ыкма менен окутулган практикалык сабактын моделин мисал катары көрсөтүп кетели.

Предмет: Кыргыз адабияты.

Колдонулуучу ыкма: Экөөнүн ою орчундуу

Сабактын темасы: М. Гапаровдун “Кыштакча” повести.

Сабактын максаты: Аталган стратегияны үйрөтүү менен жазуучунун чыгармасынын идеясын жана сюжетин студенттерге таанытуу.

Күтүлүүчү натыйжа :

- Билим көндүмдөрү артат.
- Алдын ала тема боюнча пикир айтканга көнүгүшөт.
- Экөөнүн ою орчундуу экендигине ынанышат.
- Ар кандай негиз ойдук бүтүмдөн келип чыгаарын билишет.
- Ар биринин ою орчундуу экендигине ишенишет.

- Жалпылыктын пикири күчтүү, орчундуулугун сезишет.

Стратегиялык кадам:

1-кадам. Төмөндөгү лекциянын тексти таркатылып, студенттерде түшүнүк пайда болгондон кийин, тема тууралуу жалгыздан ой жүгүртүү тууралуу көрсөтмө берилет. Анда “Кыштакча” повестинде окуя – окуусун жаңы эле аяктап, жогорку билимдүү, кыргыз тили жана адабияты мугалими квалификациясына ээ болгон бирок, шаарда калып иштөөнү эңсеген Акундун тегерегинде өнүгөт. Өкмөттүн талабы боюнча бүтүрүүчү адис кайсыл жерге бөлүнгөн болсо, белгилүү мөөнөткө чейин ошол жерде иштеп берүүсү керек. Акун Тажикстан Республикасынын Мургабына бөлүнүп, бирок ал жакка барууга көңүлдөнбөй жаткан мезгилде депутат Маманды жолуктуруп калуусу жана Маман Мургаптын мектеби жаш билимдүү адистерге муктаждыгын билдирүүсү менен шаардан иш таба албаган Акун аргасыз Мургапка барышы, ал жердин жаратылышынын кооздугу жана түрдүү жапайы канаттуулар, жаныбарлардын көптүгү, кыш мезгилинин оор келиши, карапайым элдердин турмушу, жаштардын сүйүүсү, айылдагы мектептин билим берүү деңгээли жана элдин караңгылыгы сүрөттөлөт.

2 - кадам. Ой жүгүртүп бүткөн студентке теманын тегерегиндеги негизги орчундуу идеясын төмөндөгүдөй эки же үч сүйлөм менен берүүсүн өтүнөт.

Кыргыз элинде интелегенциянын өсүшү жана айыл жергесиндеги элдердин сабатсыздыгын жоюу максатында жаш мугалим-адистерди чеке кыштактарда билим берүүгө тартуу маселеси каралган. Повестте жаштардын патриоттук сезимдерин ойготуп, Мекенди сүйүүгө тарбиялайт.

3-кадам. Жуптан биригишип топтогон идеяларынан пайда болгон сүйлөмдөрдү стилдик жактан бир мазмунга келтиришет.

4 - кадам. Эки жуптан экөөнү бириктирип бир чакан топту түзүшөт.

5 - кадам. 4 студент өзүлөрүнүн тема боюнча түшүнүктөрүн бириктирип, текст түзүшөт. Бул стратегия чакырууда көбүрөөк колдонулат.

Мисалы, студенттер повесттин сюжетин өзүнүн башынан өткөргөн окуяларды салыштырып, чыгармачылык менен текст түзүшсө болот.

6-кадам. Түзүлгөн текст аудиторияда талкууланат.

7 - кадам. Талкууланган пикирлерди окутуучу жыйынтыктайт.

Кабарлашып окуунун негизи студенттердин биримдигин, бирин-бири түшүнүүнүн ар биринин идеясынын биригип жалпы натыйжаларды, жаңылык, пикирлерди негиздөөсү менен түшүндүрүлөт да, группадабы, курстабы, биргеликте жамааттын көмөктөшүүсү менен аткарылат. Бул ыкманын натыйжалуулугу студенттерди жуптап, топто ой топтоп күчтүү идеяга ээ болууларына тарбиялагандыгы менен өзөчөлөнөт.

**Адабияттар:**

1.М.Гапаров Экөө ээн бакта. Б-2009. 549-б.

2. Асаналиев К. Жанрдын чеги болобу.Китепте: Доор менен бирге-Фрунзе. Кыргызстан,1981.50-61-беттер

3. «70-80-жылдардагы кыргыз повесттеринин поэтикасы» аттуу диссертациялык иштин автореферати Байтикова Т.2001-ж.

4. Н.Ишекеев. Кыргыз адабиятынын антологиясы. 6-том, 242-бет.